КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28 чакырылышынын кезексиз 3 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2024-жыл 06-июнь** **№ 14** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагынан 0,10 га жайыт жер тилкелерин өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которуп чакан ГЭСтин подстанциясын орнотууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №45 "Жер Кодексинин" 4, 13-статьяларынын, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 2-пунктуна ылайык, Токтогул айылынын күн чыгыш тарабынан 421- контурунан 0,10 га жайыт жер тилкесин жана аба чубалгысын тартуу үчүн 50 м.кв. жерди өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга жана ал жер тилкесине чакан ГЭСтин подстанциясын орнотууга байланыштуу "Жыргалаң-Энегро" жоопкерчилиги чектелген коомунун кайрылуусун карап чыгып Хан-Теңири жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагына караштуу Токтогул айылынын күн чыгыш тарабындагы №-421- контурунан 0,10 га жайыт жер тилкесин жана аба чубалгысы өтө турган 50 кв.м. жерди өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Хан-Теңири айыл аймагына караштуу Токтогул айылынын күн чыгыш тарабындагы №-421- контурундагы 0,10 га жайыт жер тилкесине чакан суу электр станциясынын (ГЭС) подстанциясын курууга "Жыргалаң-Энегро" жоопкерчилиги чектелген коомуна макулдук берилсин.

3. Бул токтом Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана аткаруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **И.Алымжан уулу**